**«КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКында**
**Жеке жакты банктык тейлөөгө келишим түзүүгө**
**АЧЫК ОФЕРТА**

Бул оферта (мындан ары - Оферта) жеке жактарга даректелген, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 398-статьясынын 2-бөлүгүнө ылайык ачык оферта болуп эсептелет жана «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКысынын (мындан ары – Банк) Банк менен Жеке жакты банктык тейлөөгө жана Mbank кызмат көрсөтүүсүн пайдаланууга келишимин түзүүгө сунушу болуп саналат, мунун шарттары ушул Офертада камтылган.

Жеке жакты банктык тейлөөнүн белгиленген формадагы арызына жеке жак (мындан ары – Кардар) кол тамгасын койгон же ушул Офертанын толук жана кынтыксыз акцептисин туюндурган Mbank кызмат көрсөтүүсүнүн жардамы менен электрондук кол тамганы пайдалануу аркылуу эсеп ачкан мөөнөттөн баштап жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарыныны талаптарына жана Банктын локалдуу ченем актыларына ылайык Кардар банктык тейлөө үчүн керектүү документтерди берген шартта, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 402-статьясына ылайык Банктын www.cbk.kg сайтында (мындан ары – Банктын сайты) жайгаштырылган ушул Офертанын бардык шарттарын Кардар кандайдыр бир алып салуусуз же чектөөлөрсүз кабыл алганда Келишим түзүлдү деп эсептелет.

Бул Оферта аны күчүн жоготту деп тааныган мөөнөткө же белгиленген өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин 10 (он) банктык күндөн кем эмес убакытта Банктын www.cbk.kg сайтында жаңы Офертаны жайгаштырган учурга чейин колдонууда болот.

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Банк картасы** – терминалдар же башка түзүлүштөр аркылуу, ошондой эле Интернетте эсепти башкаруу, накталай акча алуу, товарлар жана кызматтар үчүн төлөө үчүн арналган төлөм куралы.

**Бенефициардын ээси** – акыркы жыйынтыгында (ээлик кылуу жана контролдоо чынжыры аркылуу) менчик укугуна түз же кыйыр түрдө ээ болгон же Кардарды, же анын атынан же анын кызыкчылыгында операция (бүтүм) жүргүзүлүп жаткан жеке жакты контролдогон жеке жак.

**Жогорку тобокелдиктеги өлкөлөр** – кылмыштуу кирешелерди адалдоого жана террористтик ишти каржылоого каршы аракеттенүү боюнча эл аралык стандарттарды колдонбогон же жетишсиз деңгээлде колдонгон мамлекеттер жана территориялар (түзүлүштөр), ошондой эле оффшордук зоналар.

**Депозит (банктык аманат)** – жеке жак тарабынан улуттук да, жана чет өлкөлүк да валютада салынган, төлөмдүк, камсыз болгондук, мөөнөттүү жана кайтарымдык шарттарында картанын эсебинде сакталган акча каражаттары.

**Идентификация** – кардарлар, алардын өкүлдөрү жана бенефициардык ээлери жөнүндө ТИККА/ККЛ (террористтик ишти каржылоого каршы аракеттенүү жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоо (адалдоо)) чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдар менен аныкталган маалыматтарды документтердин берилген түп нускаларынын негизинде жана (же) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрдү талаптагыдай жагдайда аныктоо боюнча Банктын иш-чаралардын жыйындысы.

**Банктык эсеп** – физикалык жак тарабынан өздүк акча каражаттарын сактоо, эмгек акысын, авторлук калем акыларын, пенсиясын, алименттерин, социалдык жөлөкпулдарын, башка банктык эсептен каражаттарды, мурастоого байланышкан төлөмдөрдү, эсептин ээсине таандык өздүк мүлкүнүн сатылган акысын, акча которууларды (анын ичинде эсеп ачуусуз акча которуу тутумдары

боюнча жүргүзүлгөн которууларды) жана башка түшүүлөрдү жана төлөмдөрдү, анын ичинде насыялар боюнча төлөмдөрдү киргизүү үчүн колдонулган, талап боюнча банктык салым (аманат) эсеби (эсеп) / карталык эсеп (банктык төлөм картасынын жардамы менен же тейлөөнүн дистанттык каналдары аркылуу тескөө жүргүзүү мүмкүн экенин билдирүүчү) (мындан аркы текстте – карта-эсеп). Физикалык жактын эсебинен кардар жекече мүнөздөгү төлөмдөрдү, анын ичинде жеке максаттар үчүн сатып алынган товарлардын (алынган кызматтардын) акысын төлөөнү, насыя боюнча жоюуларды, акча которууларды (анын ичинде эсеп ачуусуз акча которуулар тутумдары боюнча жүргүзүлүүчү которууларды), коммуналдык төлөмдөрдү жана башка жекече мүнөзгө ээ болгон ушундай төлөмдөрдү жүргүзө алат.

**Кардар** – ушул Офертага кошулган жеке жак.

**Коддук сөз** – карта ээсинин ал телефон же Банктын башка расмий байланыш каналы аркылуу банкка кайрылганында идентификациялоо үчүн керектүү сыр сөз.

**Тараптар** – Банктын жана Кардардын биргелешкен аталышы.

**Картанын PANи** (Primary Account Number) – банктын картасынын алдыңкы бетинде жайгашкан номери.

**CVV/CVC код** (Card Verification Value/Code) – картанын арткы бетинде жайгашкан үч маанилүү код, картанын аныктыгын текшерүү үчүн багытталган.

**Картанын PIN-коду** (Идентификациялык жеке номер) **-** Кардардын карт-эсебинде сакталган акча каражаттарына кирүү үчүн сыр сөздү туюндурган, 4 сандан куралган комбинация.

**«MBank» кызмат көрсөтүүсү** – бул Кардарга банк эсептериндеги акча каражаттарын башкаруу боюнча банктык кызматтарды мобилдик түзүлүш жана/же Интернеттин глобалдуу компьютердик тарамы аркылуу көрсөтүү үчүн багытталган программалык-техникалык каражаттардын жана уюштуруучу иш-чаралардын тутуму.

**FATCA** – америка жарандарынын жана резиденттердин салык төлөөдөн баш тартуусуна каршы багытталган, чет өлкөлүк эсептер боюнча салыктык отчеттуулук жөнүндөгү мыйзам.

**Аралыктан идентификациялоо** – Кардардын өзүнүн жеке катышуусусуз электрондук формада алынган маалыматтарын колдонуу менен жеке жактарды – Кыргыз Республикасынын жарандарын идентификациялоо жана верификациялоо.

**Банктык чектелген эсеп** – жөндөгүчтүн ченемдик-укуктук актыларына ылайык аралык режиминде Кардарларды идентификациялоо жана верификациялоо тартибине ылайык белгиленген чектөөлөрү жана лимиттери менен эсеп.

## КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Келишим чет өлкө валютасында эсеп/карта эсебин ачуунун тартибин жана шарттарын жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына (мындан ары - Мыйзамдарга), Банктын Тарифтерине, ушул Келишимдин шарттарына, VISA эл аралык төлөм системасын колдонуу эрежелери жана ЭЛКАРТ улуттук төлөм системасын колдонуу эрежелерин (мындан ары - Эреже) аныктайт.

2. Келишимге ылайык, эгерде Банк тиешелүү кызматка ээ болсо, Кардарга төмөнкү кызматтар көрсөтүлүшү мүмкүн:

- бир же бир нече эсепти/эсептик карталарды ачуу жана тейлөө;
- төлөм карталарын чыгаруу жана тейлөө жана/же банк картасын (мындан ары – карта) колдонбостон;
- аралыктан жана төлөм кызматтарын көрсөтүү (Mbank);
- «Топтомо» депозити;
- кредиттик өнүмдөр боюнча сунуштарды берүү жана өзүнүн эсептери менен Кардарды башкаруу үчүн башка кызматтарды көрсөтүү.

## 2. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

2.1. Бул Сунуш эсеп/карта эсебин ачуу тартибин аныктайт, ошондой эле Банк менен Кардардын ортосундагы ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруудан келип чыккан мамилелерди жөнгө салат.
2.2. Тараптар ортосундагы ушул макулдашуу Кардардын ушул Офертаны акцептөөсү аркылуу түзүлөт. Офертанын акцептиси болуп ушул Офертанын 5-бөлүгүнө ылайык Кардардын Офертанын шарттарына толук жана сөзсүз макулдугу катары каралган аракет жасоосу саналат. Ушул Офертанын шарттары акцептөө менен, Кардар Арызды толтуруп, ага кол тамгасын койгондон кийин, же Аралыктан режимде Кардарды идентификациялоо жана верификациялоо тартибине ылайык аралыктан идентификациядан жана верификациядан өткөндөн кийин ачык Офертанын шарттарына кынтыксыз макул болот.
2.3. Талап боюнча эсептердеги/карталык эсептердеги акча каражаттары боюнча пайыздар, эгерде бул Тараптардын ортосундагы айрым келишимдерде/макулдашууларда каралбаса, Банк тарабынан чегерилбейт жана төлөнбөйт.
2.4. Банк керектүү малыматтарды Банктын www.cbk.kg расмий сайтында жайгаштыруу аркылуу Кардарга керектүү маалыматтардын бардыгын берет.
2.5. Кардардын Офертаны акцептөөсү ушул Офертага жана Кардардын жеке маалыматын иштеп чыгуу шарттарына макулдугун туюнтат, тактап айтканда:
- субъектинин анын Соц. фондудагы жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга арызга (Макулдашууга/Пикирге) кол коюга макулдугун (2-тиркеме);
- анын МККдагы жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга макулдуктун типтүү формасына кол коюуга жеке маалыматтар субъектисинин макулдугун (3-тиркеме);
- «Ишеним» Кредиттик Бюро ЖАКындагы кредиттик баянынын маалыматтарын текшерүүгө жана өткөрүп берүүгө (4-тиркеме);
- КР ЭФМге караштуу МСКдагы анын жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга макулдуктун типтүү формасына кол коюуга жеке маалыматтар субъектисинин макулдугу (5-тиркеме).
2.6. Кардардын жеке малыматтарын иштеп чыгуу мөөнөтү чектелбестен, бардык мыйзамдуу ыкма менен, анын ичинде автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен, же мындай каражаттарды колдонбостон жеке маалыматтардын маалымат тутумдарында жүзөгө ашырылат

## 3. ТАРАПТАРДЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Кардар милдеттүү:**

3.1. Банкка мыйзамдарга ылайык эсеп ачуу үчүн документтерди берүү;
3.2. Эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн, ошондой эле ишкердик жана/же ушул сыяктуу иш-аракеттерге байланышпаган акча каражаттарын сактоо жана топтоо үчүн эсеп/карта эсебин колдонуу;
3.3. Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүдө Банкка мыйзамдарда белгиленген талаптарга ылайык түзүлгөн төлөм документтерин берүү;
3.4. Банктын Тарифине ылайык кызмат көрсөтүүлөрдүн баасын төлөөгө жана Келишимдин, Эрежелердин жана Банктын www.cbk.kg сайтында жайгашкан Банктын Тарифинин шарттарындагы өзгөрүүлөргө көз салганга.
3.5. Кызмат көрсөтүүлөр үчүн, ошондой эле Банктан жана үчүнчү жактардан жаңылыштык менен чегерилген акча каражаттарын же Тараптардын ортосунда түзүлгөн келишимдерде жана макулдашууларда каралган башка милдеттенмелер боюнча төлөө үчүн Кардардын эсебинен/карта эсебинен акча каражаттарын тикелей чыгаруу укугун Банкка берүү.
3.6. Банкка комиссияны эсепке алуу менен, андан кийин Кардардын эсебинен ыкчам төлөмдү жөнөтүү менен, тез төлөм жүргүзүү үчүн арызда көрсөтүлгөн суммада Кардардын эсебине карт эсебинен түздөн-түз акча каражаттарын чегерүү укугун берүү;
3.7. Банкка тез төлөмдү жөнөтүү үчүн эсептин валютасынан башка валютадагы акча каражаттарын карт эсебинен түздөн-түз чегерүү, транзакциянын суммасын транзакция учурундагы Банктын курсу боюнча эсеп валютасына айландыруу укугун берүү;

3.8. Кандай болбосун суралган маалыматты, ошондой эле Кардардын ишине жана ал жүргүзгөн банктык операцияларга тиешелүү документтерди Банктык 3 (үч) күндүн аралыгында Банктын талабы боюнча бергенге.
3.9. Жеке маалыматтар, анын ичинде дарек, телефон номерлери, электрондук дарек жана башка маалыматтар өзгөргөн учурда Банкка жазуу түрүндө билдиргенге. Болбосо, Кардардын белгилүү болгон акыркы дареги боюнча жиберилген корреспонденциянын бардыгы Кардар тарабынан талаптагыдай кабыл алынган деп эсептелет.
3.10. Эгер ал АКШнын салыктык резиденти болсо, Кардар жөнүндө АКШнын салык органдарына маалымат бергенге Банкка укук берүү менен, бул туралуу Банкка жазуу түрүндө билдиргенге.
3.11. АКШнын салык резиденттерин идентификациялоо төмөнкү критерийлердин биринин же бир нечесинин болушун талап кылат:
3.11.1. жеке адам АКШнын жараны болуп саналат;
3.11.2. Жеке адамдын Америка Кошмо Штаттарында туруктуу жашоого уруксаты бар (туруктуу резиденттик карта (форма I-551 («Жашыл карта»);
3.11.3. Жеке адам, жарандыгына карабастан, "Америка Кошмо Штаттарында узак мөөнөттө болуу" критерийлерине жооп берет, атап айтканда: Эгерде жеке адам Кошмо Штаттарда учурдагы календардык жыл ичинде кеминде 31 күн жана 3 жылдын ичинде 183 күндөн кем эмес болсо, анын ичинде учурдагы жыл менен андан кийинки эки жылды кошкондо, АКШнын салык резиденти болуп эсептелет:
3.11.4. Жеке адамдын Америка Кошмо Штаттарында туулган жери бар:
3.11.5 Жеке адамдын Америка Кошмо Штаттарында дареги/почта дареги бар;
3.11.6. АКШнын телефон номери бар адамдар (телефон номери + 1).
3.12. Банктын бөлүмдөрүндөгү эсеп/карта эсеби боюнча ири суммага чыга турган накталай акча операцияларын жүргүзүүдө Банкка (телефон, кат ж.б. жеткиликтүү ыкма менен) 1 (бир) иш күнү мурда маалымдоо;
3.13. Террористтик ишти каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо;
**Кардар укуктуу:**
3.14. Эсептеги/карта эсебиндеги турган акча каражаттарын өз алдынча башкарууга, ошондой эле мыйзамдарда каралгандан башка учурларда, картаны ушул Келишимдин шарттарына, Банктын Эрежелерине жана Тарифтерине ылайык пайдаланууга;
3.15. Жекече PIN-коду менен картаны, ошондой эле бир эле ошол карт-эсепке тиешелүү, акча каражаттарынын бирдей калдыгы болгон кошумча карталарды алууга.
3.16. Акча эсептерин накталай жана накталай эмес түрдө эсепке/карта эсебине салуу.
3.17. Жеке лимиттерди коюу жолу менен карт-эсеп боюнча акча каражаттарын сарптоону өз алдынча чектегенге. Жеке лимиттерди коюу/өзгөртүү Кардардын жазуу түрүндөгү арызынын негизинде жүзөгө ашырылат.
3.18. Кардардын өздүгүн ырастоочу документти көрсөтүп, Банктын бөлүмүнө кайрылуу менен, жазган арыздын негизинде коддук сөздү коюуга.
3.19. Банктын Тарифтерине ылайык талап кылынган мөөнөткө эсеп/карта эсеби боюнча көчүрмөнү алууга;
3.20. Картаны жоготкондо же бузганда, Банктын колдонуудагы Тарифтерине ылайык тиешелүү төлөм жүргүзгөндөн кийин жаңы картаны алуу үчүн Банкка кайрылууга.
3.21. 10 (он) банктык күндөн кем эмес мөөнөттө эсепти/карта эсебин жабууга арыз берүү менен Банкка алдын ала жазуу жүзүндө билдирүү менен келишимди бир тараптуу бузууга жана картаны Банкка кайтарып берүүгө;
3.22. Идентификациялоонун жана верификациялоонун тартибине ылайык, аралыктан режимде чектөөлөрдүн жана лимиттердин чегинде банктык чектелген эсепти ачууга (1-тиркеме).
3.23. Банкка эсепти жүргүзүү боюнча нускамаларды жөнөтүү, суроо-талаптарды жүргүзүү жана эсептин абалы жөнүндө тиешелүү маалыматтарды алуу.

3.24. Кардар үчүнчү жактардын талабы боюнча, эгерде аларды идентификациялоого жана алардын ыйгарым укуктарын тастыктоого мүмкүндүк берүүчү документтер болсо, анын ичинде Кардар тарабынан бул боюнча өз милдеттенмелерин аткарууга байланышкан документтер болсо, үчүнчү жактардын талабы боюнча эсептен чыгарууну тапшырууга укуктуу. Банк тарабынан аныкталган зарыл маалыматтарды жазуу жүзүндө камтыган шартта Банк бул нускамаларды кабыл алат.
3.25. Банктын иштөө режиминде эсепти тескөө.

**Банк милдеттүү:**

3.26. Мыйзамдарга, келишимдин, эрежелердин жана Банктын Тарифтеринин шарттарына ылайык банктык тейлөөнү жүзөгө ашырууга.
3.27. Өздүгүн ырастаган документти көрсөткөн шартта, же Кардар коддук сөздү билдиргенде (анын ичинде телефон же байланыштын башка расмий каналы боюнча) картаны блоктоого.
3.28. Тийиштүү төлөм документи Банкка келип түшкөн күндөн кийинки бир банктык күндөн кечиктирбестен, түшкөн акча каражаттарын Кардардын эсебине/карттык эсебине чегерүү.
3.29. Пайыздык схеманын жана пайыздык коюмдардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана кызмат көрсөтүү шарттарынын баасы өзгөргөндүгү жөнүндө Кардарга ушул Келишимдин 3.22 пунктунда каралган мөөнөттө жана шарттарда маалымат берүүгө.
3.30. Кардарга эсеп/карта эсебиндеги акча каражаттарынын калдыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүү.

**Банк укуктуу:**

3.31. Мындай өзгөртүүлөр күчүнө киргенге чейин 10 (он) банктык күндөн кеч эмес убакытта маалыматты Банктын маалымат дубалдарында жана Банктын www.cbk.kg сайтында жайгаштыруу аркылуу бул тууралуу Кардарга маалымдоо менен Келишимдин шарттарын, Эрежелерди жана Тарифтерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө же толуктоого.
3.32. Акча каражаттарынын пайда болушунун документтер менен ырасталган булагын 3 банктык күн аралыгында берүүнү Кардардан талап кылууга.
3.33. Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу мыйзамдарга ылайык Кардардын ишине жана ал жүргүзгөн банктык операцияларга тиешелүү маалыматтарды жана документтерди Кардардан суроо;
3.34. Бир тараптуу түрдө: АКШнын салык органдарына маалыматтарды берүүдөн FATCA мыйзамынын алкагында Кардарга эсептешүү-кассалык кызматтарды көрсөтүүдөн баш тартуу; Чет элдик эсепке салыкты сактоо мыйзамы (FATCA) мыйзамынын чегинде, Банк АКШнын салык органдарына маалыматтарды берүүдөн баш тарткан күндөн тартып 7 (жети) күндүн ичинде Кардардын эсебин жабууга; билип туруп жалган маалымат берген учурда Кардардын эсебин жабуу.
3.35. Төмөнкү учурларда алдын ала эскертүүсүз эсеп/карта эсеби боюнча банктык операцияларды токтото туруу жана/же жеткиликтүү болгон байланыш каражаттары аркылуу Келишимди бузуу жөнүндө 10 (он) банктык күн мурун билдирүү жөнөтүү аркылуу Келишимди бир тараптуу бузуу шарттары: жалган маалыматтарды, эсеп ачуу жана ал боюнча операцияларды жүргүзүү, Кардарды аныктоо жана бенефициардык менчик ээсин аныктоо боюнча талаптарды аткаруу үчүн зарыл болгон документтерди бербөө, Кардардын террористтик ишке жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катышкандыгы жөнүндө маалыматтарга ээ болуу; ошондой эле Келишимдин шарттары бузулган учурда.
3.36. Кардар тарабынан мыйзамдарды жана ушул Келишимдин шарттарын бузган фактылар болсо, Эсеп боюнча банктык операцияларды жүргүзүүдөн баш тартуу;
3.37. Даярдалган карта 12 (он эки) календардык ай ичинде Кардар тарабынан талап кылынбаган учурда картаны андан ары жок кылуу менен блоктоого.
3.38. 12 (он эки) ай бою Кардардын тескөөсү боюнча эсебинде жүгүртүү жана/же операция болбогон учурда, эсепти бир тараптууу тартипте жабууга.
3.39. Банктын кызматтарын жана тейлөө кызматтарын төлөө үчүн Кардардын Банкта ачылган бардык эсептеринен/карт эсептеринен акча каражаттарын тикелей чыгаруу, Банктан, тарабынан

жаңылыш чегерилген акча каражаттарын же Тараптардын ортосунда түзүлгөн келишимдерде жана макулдашууларда каралган башка милдеттенмелерди эсептен чыгаруу, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген учурларда.

3.40. Кардардын карт-эсебинен тез төлөм үчүн арызда көрсөтүлгөн суммада, комиссияны эсепке алуу менен, Кардардын эсебине акча каражаттарын түз чегерүү, андан кийин Кардардын эсебинен ыкчам төлөм жөнөтүү.

3.41. Эсептик валютадан башка валютадагы акча каражаттарын карт эсебинен түз эсептен чыгаруу, шашылыш төлөмдү жөнөтүү үчүн транзакциянын жүрүшүндө Банктын курсу боюнча операциянын суммасын эсеп валютасына айландыруу.

3.42. Эгер Кардардын операциялары боюнча шектүү операциянын белгилери табылган жана мындай операциялар боюнча колдонулган акча каражаттарынын экономикалык маңызын жана пайда болгон булагын ырастоочу так маалыматтар жок болсо/ так эмес маалыматтар берилсе, Акча каражаттарынан эсептен чыгаруу суммасынан 10% өлчөмүндө комиссия кармаганга.

3.43. Эгерде шектүү транзакциялар аныкталса же эсеп/карта эсеби боюнча алдамчылык транзакциялар жөнүндө маалыматтар болсо, операциялардын мыйзамдуулугунун жагдайлары такталганга чейин эсеп/карта эсеби боюнча кыймылды убактылуу токтото туруу.

3.44. Банктын кассалык термини аркылуу акча каражаттарын чыгарып алууда Кардардын өздүгүн идентификациялоочу документти талап кылууга.

3.45. Банк кызматкерлерине одоно/орой мамиле жасаган учурда, ырасталган фактылар болсо, Кардарга жазуу түрүндө билдирүү аркылуу Келишимди бузуу жөнүндө маселени демилгелөөгө.

3.46. Банктын ченемдик документтери жана колдонуудагы Мыйзамдар өзгөргөнүнө байланыштуу Келишимдин шарттарына өзгөртүү киргизүүгө.

3.47. Ушул Келишимдин 2.5 пунктунда белгиленген кандай болбосун мыйзамдуу иштеген органдардан Келишимдин алкагында Кардар жөнүндө маалымат алууга.

3.48. Келишимдин жарактуу мөөнөтү ичинде эсептеги Кардар тарабынан сарпталууга (пайдаланууга) мүмкүн болбогон акча каражаттарынын минималдуу өлчөмү бекитилсин. Мында төмөндөтүлбөгөн калдык Кардарга, эсеп жабылгандан кийин, кайтарылып берилет. Төмөндөтүлбөгөн калдыктын өлчөмү Банктын www.cbk.kg сайтында жайгашкан Банктын Тарифтери менен каралат.

3.49. Майрам күнү чет өлкө валютасында келип түшкөн төлөмдөрдү кабыл алган учурда, Кардар үчүн алынган чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын которуу банк-корреспонденттин майрамдан кийинки биринчи иш күнүндө жүзөгө ашырылат.

## 4. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

4.1. Кардар Банкка карт эсебин ачуу, Кардардын туура идентификациясы жана эсеп/карта эсеби боюнча операцияларды жүргүзүү жана башка банктык кызмат боюнча талаптарды аткаруу үчүн зарыл болгон документтерди бербегендиги үчүн Мыйзамдарга жана Келишимдин ушул шарттарына ылайык жоопкерчилик тартат.

4.2. Картаны же ага кирүүнү ыйгарым укуксуз адамдарга бергендиги, ошондой эле карт-эсепти тескөө жана карта боюнча транзакцияларды жүргүзүү үчүн керектүү малыматты (ПИН-кодду, коддук сөздү ж.б.) ачыкка чыгаргандыгы үчүн Кардар жоопкерчилик тартат.

4.3. Контакт-борбордун жана Кардардын ортосунда телефондон сүйлөшүүлөрдү жазууну жүргүзүүгө кардар макул. Бул аудио жазуу Кардардын кайрылган фактысын ырастайт.

4.4. Интернет аркылуу төлөөдө картаны санкциялабай колдонгондугу менен байланышкан мүмкүн болуучу финансылык тобокелдиктерди карта ээси тартаарына Кардар макул. Мында Банкка доосу болбойт.

4.5. Кардар сатып алуу учурунда төлөм картасы аркылуу жүргүзүлгөн операциялар, төлөөлөр, накталай акчаларды чыгарып алуулар жана банк картасы аркылуу жүргүзүлүүчү башка операциялар үчүн жеке жоопкерчиликти алып жүрөт.

4.6. Кардар картаны же ага кирүүнү ыйгарым укукту эмес адамдарга бергендиги, ошондой эле карт-эсепти тескөө жана карта боюнча, анын ичинде банк карталарынын айрым реквизиттерин

жазуу аркылуу Интернет тарамында электрондук формада товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тапшырык берүү/сатып алуу боюнча транзакциялар боюнча тразакцияларды жүргүзүү үчүн керектүү маалыматты (PIN-кодду, PAN картаны, CVV/CVC кодун, коддук сөздү, картанын иштөө мөөнөтүн ж.б.) ачыкка чыгаргандыгы үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

4.7. Эгер төлөмдүн кечигүүсү реквизиттерди ката жазган банк-корреспондентинин жана/же Кардардын күнөөсү боюнча болгон учурда, Банк жоопкерчилик тартпайт.

4.8. Банк Кардардын акча каражаттарын камакка алуунун же тескөөнүн башка чектөөлөрүнүн натыйжасында мамлекеттик жана башка органдардын аракеттеринен Кардарга келтирилген чыгым жана зыян үчүн жоопкерчилик тартпайт.

4.9. Кардар Банктын веб-сайтында жайгаштырылган маалыматтар менен таанышпаган учурда, колдонуудагы Тарифтерге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, тейлөө тартиби (анын ичинде эсептешүү (төлөм) документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби) жөнүндө Кардардын билбегендиги. www cbk.kg., 3.4-пунктунда көрсөтүлгөн. Ушул Келишимдин талаптары Кардарды Банктын операция учурунда колдонулуучу Тарифтерине ылайык тиешелүү суммаларды төлөө боюнча милдеттенмелерди аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруунун натыйжасында келип чыккан жоопкерчиликтен бошотпойт.

4.10. Кардар Келишимдин жана Эреженин ушул Офертада белгиленген шарттарын бузган учурда пайда болгон зыян үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

4.11. Кардардын эл аралык төлөмүнөн АКШнын салык органдары тарабынан FATCA мыйзамынын алкагында 30% кармалганына банк жоопкерчилик тартпайт.

4.12. Эгер операция тобокелдиги жогору өлкөлөрдө жүргүзүлсө, кардардын аракеттерине Банк жоопкерчилик тартпайт.

4.13. Келишимдин ушул шарттарына, Банктын ченемдик актыларына, Эрежелерге жана Мыйзамдарга ылайык Банк Кардардын карт-эсеби боюнча операцияларды өз учурунда жана туура жүргүзүү үчүн жоопкерчилик алып жүрөт.

4.14. Банк Кардардын карт-эсеби боюнча операциялар боюнча сырдын сакталышы үчүн жоопкерчилик алып жүрөт. Кардардын карт-эсеби боюнча маалымат Кардарга гана берилет. Башка учурларда маалыматтарды берүү Мыйзамдардын талаптарына ылайык гана жүзөгө ашырылат.

4.15. Карта боюнча Картанын эсебинен айырмаланган валютада операция жүргүзүлгөн учурда акча каражаттарын конвертациялоодо жаралган курстук айырма үчүн Банк жоопкерчилик алып жүрбөйт.

4.16. Эгер Кардардын атына кириш/чыгыш төлөмдөр чегерилген Банктын корреспонденттик эсеби корреспондент банктын лицензиясын чакыртып алууга, корреспондент банкка тиешелүү жогорку мамлекеттик органдардын чечиминин болушуна же болбосо банк операцияларынын токтоп турушуна, санкциялардын коюлушуна алып келген банк-корреспондентке карата эл аралык санкциялардын күчүнө киришине байланыштуу тосмолонсо, Банк корреспондент банктын мындай аракеттери үчүн, ошондой эле Банктын корреспонденттик эсебинде тосмолонгон сумманын Кардарга берилиши үчүн жооп бербейт.

4.17. Ушул Келишимди бузган учурда, Кардарга берилген бардык карталар жараксыз деп эсептелет жана Банкка кайтарып берүүгө жатат, мында Банктын кызматы үчүн ар жылдык төлөмдөрдүн орду толтурулбайт.

4.18. Бул Келишимди бузган учурда Банк Кардардын карт-эсеби боюнча калдыктарды берүүнү жүргүзөт.

4.19. Бул Келишимди бузуу Кардардын карт-эсебин жабуу үчүн негиз болуп саналат.

## 5. КАРТ-ЭСЕПТИ ТАРИЗДӨӨ ЖАНА БАНКТЫН ТӨЛӨМ КАРТАСЫН БЕРҮҮ ШАРТТАРЫ

5.1. Карт-эсепти тариздөө Кардарды идентификациялоо үчүн Банктын ички ченемдик документтери, КР УБ талаптары жана КР Мыйзамдары менен каралган керектүү документтердин бардыгын берүү менен Кардар Арызды толтуруп, ага кол коюу жана /же сүрөттү салыштырып

текшерүү аркылуу/видео байланышты колдонуу менен аралыктан идентификациялоодон жана верификациялоодон өтүү жолу менен Банктын бөлүмүнө кайрылганда жүргүзүлөт.

5.2. Арызга кол коюу аркылуу, же аралыктан сервис аркылуу, жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюу аркылуу ушул Оферта менен Кардар таанышкандан жана Келишимдин шарттарын кабыл алгандан кийин, бул Келишим Мыйзамдардын бардык талаптарына ылайык түзүлгөн деп эсептелет.

5.3. Банктык төлөм картаны берүү Мыйзамдарга ылайык Кардарды талаптагыдай идентификациялоо аркылуу Банктын ички ченемдик документтери менен белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт.

## 6. ТӨЛӨМДҮК КАРТА БОЮНЧА КОНВЕРТАЦИЯЛОО ЖАНА ЭСЕПТЕШҮҮ ТАРТИБИ

6.1. Карта менен Карточка эсебинин валютасынан башка валютада операцияны жүргүзүүдө транзакциянын суммасы төлөм системасынын курсу боюнча төлөм системасынын эсептешүү валютасына конвертацияланат жана № 8 тиркемеге ылайык, транзакцияны иштетүү үчүн Банкка берилет,. Банк төлөм системасынын конвертациялоо курсун белгилөөнүн суммасына жана мөөнөтүнө, ошондой эле Банк тарабынан төлөм системасынан операцияны алуу убактысына таасир этпейт.

6.2. Төлөмдүк тутумдун эсептешүү валютасы Картанын эсебинин валютасы менен дал келбеген учурда Банк төлөмдүк тутумдан түшкөн операциянын суммасын Карта эсебинин валютасына Банктын курсу боюнча конвертациялайт. Бул учурда операция жүргүзүлгөн мезгилдеги курс операциянын Банк тутумунда иштетилген мезгилиндеги курстан айырмаланышы мүмкүн, мунун өзү операция жүргүзүлгөн мезгилдеги сумма менен иш жүзүндө жүргүзүлгөн операциянын суммасынын ортосундагы айырманы жаратышы мүмкүн, ал эсеп боюнча көчүрмөдө чагылдырылат.

## 7. КЕЛИШИМДИН ИШТӨӨ МӨӨНӨТҮ ЖАНА АНЫ БУЗУУ ТАРТИБИ

7.1. Бул Келишим Офертанын 2.2. пунктуна ылайык Кардар ушул Офертаны акцептеген күндөн баштап түзүлдү деп эсептелет жана аны бузган учурга чейин иштейт.

7.2. Келишим төмөнкү учурда бузулушу мүмкүн:

- Кардар тарабынан - карт-эсепти жабуу жөнүндө арыз формасында банкка жазуу түрүндө билдирүү аркылуу;
- Банк тарабынан – Кардар келишимдин шарттарын аткарбаган учурда;
- Банк тарабынан – эсеп боюнча 12 айдан ашык убакыт жүгүртүү жок болгон учурда.

## 8. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ

8.1. Тараптар ортосунда Келишим боюнча же ага байланыштуу пайда болгон талаштардын жана кайчы пикирлердин бардыгы Мыйзамдарга ылайык чечилет.

## 9. ФОРС-МАЖОР

9.1. Жеңилгис күч (форс-мажор) жагдайы пайда болгон учурда Тараптар Келишим боюнча алган милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулушат, мында милдеттенмелерди аткаруу мөөнөтү мындай жагдайлар жана алардын кесепеттери иштеп турган убакытка теңдеш убакытка жылдырылат.

9.2. Келишим боюнча Тараптардын ар биринин милдеттенмелерин аткаруу мөөнөттөрү ушул Макулдашуунун шарттарына ылайык 9.1-пунктта көрсөтүлгөн колдонуу мөөнөтүнө узартылат.

9.3. Ушул Макулдашуунуншарттарына ылайык, 9.1-пунктунда көрсөтүлгөн таасирге дуушар болгон тарап, экинчи Тарапка форс-мажордук жагдайдын аракетине байланышкан тоскоолдук жана анын Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга тийгизген таасири жөнүндө ушул жагдайлар келип чыккан учурдан тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде билдирүүгө милдеттүү жана кийинки 10 (он) жумушчу күндүн ичинде форс-мажордук жагдайдын фактысын жана узактыгын тастыктоо үчүн компетенттүү уюмга кайрылып, далилдерди келтириши керек. Эгерде жогоруда

көрсөтүлгөн жагдайлар таасир эткен Тарап ыйгарым укуктуу органдан тастыктоону бербесе, ал ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруунун себеби катары жогоруда аталган жагдайларды көрсөтүү укугунан ажыратылат.

## 10. **КОРУТУНДУ ЖОБОЛОР**

10.1. Кардар ушул Келишимдин шарттары, Тарифтери жана Эрежелери, Банктын www.cbk.kg сайтында жайгашкан «MBank» кызмат көрсөтүүсүн колдонуу Эрежелери менен таанышкандыгын жана ага макул экендигин, ошондой эле ушул Офертанын жана бул Келишимди түзүү менен байланышкан Банктын Тарифтеринин шарттарынын өзгөрүүлөрүн көзөмөлдөп турарын ушул Келишим менен ырастайт.
10.2. Эмгек акы долбоорунун алкагындагы банктык тейлөө боюнча шарттар жана Тарифтер мекеме менен Кызмат көрсөтүү жөнүндө Келишим менен аныкталат.
10.3. Бул Келишим Кардардын жазуу жүзүндөгү арызы боюнча каалаган убакта токтотулушу мүмкүн.
10.4. Ушул Келишим бузулган учурда, эсептеги акча каражаттарынын калдыгы Кардарга берилет, же анын көрсөтмөсү боюнча тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүүнү алган күндөн тартып 5 (беш) банктык күндөн кечиктирбестен башка эсепке которулат.
10.5. Келишимде камтылбаган башка шарттар Мыйзамдар менен жөнгө салынат.

## 11. **БАНКТЫН РЕКВИЗИТТЕРИ**

**ААК «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы»**
Дареги: Бишкек, ул. Тоголок Молдо көч., 54А
Индекс: 720033
ИНН: 02712199110068
ОКПО: 20137117
БИК: 103001

**Жеке жактын талап кылганга чейинки карта эсебинин келишимине**

**«ТОПТОЛМО» ДЕПОЗИТИН АЧУУГА МАКУЛДАШУУ**

## 1. ДЕПОЗИТТИН ШАРТТАРЫ:

1.1. Банк Кардарга талап кылганга чейинки карт-эсепке кошумча **«Топтолмо»** мөөнөттүү депозитин (мындан ары – Депозит же банктык аманат) тариздейт.

1.2. Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Депозиттин шарттарына жана Бактын www.cbk.kg сайтында жайгаштырылган Банктын Тарифтерине ылайык Депозиттик эсепти тейлөөнү жүзөгө ашырат.

1.3. Банктын бөлүмдөрүндө «Топтолмо» депозитин ачуу үчүн минималдык сумма:
Улуттук валютадагы аманаттар үчүн 1 000 (бир миң) сомду түзөт, АКШ долларындагы аманаттар үчүн – 50 (элүү) АКШ доллары, россия рублиндеги аманаттар үчүн – 1000 (бир миң) россия рубли.
MBANK кызмат көрсөтүү аркылуу ачылган «Топтолмо» депозиттери үчүн минималдык сумма жок.

1.4. Кардар депозиттик эсепке төмөнкү учурда минималдык сумманы салганга милдеттүү:

А) Банктын бөлүмдөрүндө эсеп ачканда, акча каражаттары эсеп ачкан датадан кеч эмес салынат;

Б) MBANK кызмат көрсөтүүсү аркылуу аралыктан ачканда, эсеп ачылган датадан баштап 30 календардык күн аралыгында. Белгиленген мөөнөт өтүп кеткенден кийин нөлдүк калдык калганда, Кардарга алдын ала билдирбестен Банк депозиттик эсепти жабат.

1.5. Кардар депозиттик эсепти толтура алат, бирок акча каражаттарын чыгарып алууга же которууга укугу жок.

*1.6.* Банк депозиттик эсепти ачкан учурга колдонуудагы пайыздык коюмга («Топтомо» депозитинин пайыздык схемасы) ылайык Депозиттик эсепке пайыздарды которууну жүргүзөт *(«Топтомо» депозитине активдүү шилтемени тиркөө)*

1.7. Депозит боюнча пайыздарды кошуп эсептөө ар бир кошумча взноско күн сайын жүргүзүлөт жана Кардардын Депозитинде сумманын болгон мөөнөтүнөн көз каранды.

1.8. Депозиттин суммасына пайыздар ал Банкка түшкөн күндөн кийинки күндөн баштап Аманатчыга акча каражаттарын кайтарып берген күнгө чейин кошуп эсептелет.

1.9. Пайыздарды кошуп эсептөө үчүн эсептешүү базасы болуп Депозит Банкта сактоодо турган календардык күндөрдүн иш жүзүндөгү саны, ал эми бир жылдагы күндөрдүн саны болуп 365ке (366 – төрт жылда бир) барабар календардык күндөрдүн саны эсептелет.

1.10. Депозит боюнча кошуп эсептелген пайыздарды төлөө айдын акыркы иш күнүндө жүргүзүлөт жана талап кылганга чейинки карт-эсепке которулат.

1.11. Депозиттин максималдык мөөнөтү Макулдашууну мөөнөтүнөн мурда бузуу мүмкүнчүлүгү менен, 24 айды түзөт.

1.12. Депозиттин мөөнөтү бүткөндө Депозиттин суммасы талап кылганга чейинки карт-эсепке которулат жана талап кылганга чейинки депозиттин шартында иштеп турат.

1.13. Депозитти кайтарып берүү датасы жумушчу эмес банктык күнгө туура келген учурда, Депозиттин суммасын жана ал боюнча кошуп эсептелген пайыздарды которуу ал датадан кийинки жумушчу күнү жүргүзүлөт.

1.14. Кардардын демилгеси боюнча Макулдашууну мөөнөтүнөн мурда бузганда, Банк салынган Депозиттин суммасын, ошондой эле ал боюнча кошуп эсептелген пайыздарды Макулдашууну бузган учурдагы колдонуудагы пайыздык коюмга ылайык кайтарып берүүнү жүргүзөт.

1.15. Макулдашуу Кардар акча каражаттарын Депозиттик эсепке салган мөөнөттөн баштап күчүнө кирет жана Тараптар Макулдашуу боюнча өз милдеттенмелерин толук аткаргандан кийин токтотулат.

1.16. Банк Мыйзамдарга ылайык банктык Депозиттин сырын кепилдейт.

## 2. БАНКТЫН РЕВИЗИТТЕРИ

**ААК «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы»**
Дареги: Бишкек ш., Тоголок Молдо көч., 54А
Индекс: 720033
ИНН: 02712199110068
ОКПО: 20137117
БИК: 103001

**1-тиркеме**

Сүрөттү салыштырып текшерүү аркылуу аралыктан идентификациялоодо жана верификациялоодо операциялар жана лимиттер:

| | Операциянын тиби | Белгиленген чектөөлөр |
|---|---|---|
| 1 | Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө максатындагы которуулар (алуучу-резиденттердин пайдасына) | Операциянын максималдык суммасы: 30 000 сом;<br>Бир ай аралыгында которулган сумма: 60 000 сом.<br>Тобокелдиги жогору уюмдарга төлөмдөргө тыюу салынган. |
| 2 | Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө максатындагы которуулар (алуучу-резидент эместердин пайдасына) | Операциянын максималдык суммасы: 30 000 сом;<br>Бир ай аралыгында которулган сумма: 60 000 сом. |
| 3 | Жеке жактардын ортосундагы которуулар (резиденттер ортосунда) | Операциянын максималдык суммасы: 15 000 сом;<br>Бир ай аралыгында которулган сумма: 30 000 сом.<br>Төлөөчү жана алуучу жок дегенде кардарды талаптагыдай текшерүүнүн жөнөкөйлөтүлгөн жол-жобосунан өтүүгө милдеттүү. |
| 4 | Которуулар (резидент эместин катышуусунда) | Операциянын максималдык суммасы: 15000 сом;<br>Бир ай аралыгында которулган сумма: 30 000 сом.<br>Кыргыз Республикасынын Резиденти жок дегенде кардарды талаптагыдай текшерүүнүн жөнөкөйлөтүлгөн жол-жобосунан өтүүгө милдеттүү. |
| 5 | Мамлекеттик бюджеттин пайдасына которуулар. | Чектөөсү |
| 6 | Накталай/ төлөм картасын алуу | Кардар банктын бөлүмүндө толук идентификациядан өтүшү керек |
| 7 | Юридикалык жактан же жеке ишкерден жеке жактын пайдасына которуулар | Операциялар мурда жүргүзүлгөн төлөмдөрдү кайтарып берүүгө байланыштуу жүргүзүлгөн учурларды кошпогондо, тыюу салынган (мисалы, товардан жана кызмат көрсөтүүдөн баш тарткандыгына байланыштуу) |
| 8 | Банктык чектелген эсепти толтуруу | Максималдык балanska лимиттин алкагында чектөөлөрсүз |
| 9 | Балансттагы калдыкка талаптар | Максималдык уруксат берилген сумма 30 000 сом. |

Видео байланышты колдонуу менен аралыктан идентификациялоодо жана верификациялоодо операциялар жана лимиттер

| | Операциянын тиби | Белгиленген чектөөлөр |
|---|---|---|
| 1 | Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө максатында которуулар (алуучу-резиденттердин пайдасына) | Операциянын максималдык суммасы: 200 000 сом; |

| | | |
|---|---|---|
| | | Бир ай аралыгында которуулардын суммасы: 400 000 сом.<br>Тобокелдиги бийик коммерциялык эмес уюмдарга төлөмдөргө тыюу салынган. |
| 2 | Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө максатындагы которуулар (алуучу-резиденттер эместин пайдасына) | Операциянын максималдык суммасы: 200 000 сом;<br>Бир ай аралыгында которуулардын суммасы: 400 000 сом. |
| 3 | Жеке жактардын ортосунда которуулар (резиденттер ортосунда) | Операциянын максималдык суммасы: 100 000 сом;<br>Бир ай аралыгында которуулардын суммасы: 200 000 сом. |
| 4 | Жеке жактардын ортосунда которуулар (бир тарабы резидент эмес) | Операциянын максималдык суммасы: 100 000 сом;<br>Бир ай аралыгында которуулардын суммасы: 200 000 сом. |
| 5 | Мамлекеттик бюджеттин пайдасына которуулар | Чектөөсүз |
| 6 | Накталай акчаларды алуу | Операциянын максималдык суммасы: 100 000 сом;<br>Бир ай аралыгындагы операциянын суммасы: 200 000 сом. |
| 7 | Кредитти алуу | Операциянын максималдык суммасы: 15 000 сом;<br>Бир ай аралыгындагы операциянын суммасы: 30 000 сом. |
| 8 | Электрондук акчаларды жоюу/өздүк эсепке которуу | Чектөөлөрсүз, акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын резидентинин НПКсынын стандарттык жол-жоболорун жүргүзүү менен ачылган өздүк банктык эсебине салуу менен |
| 9 | Юридикалык жактан же жеке ишкерден жеке жакка пайдага которуулар | Операциялар мурда жүргүзүлгөн төлөмдөрдү кайтарып берүүгө байланыштуу жүргүзүлгөн учурларды кошпогондо, тыюу салынган (мисалы, товардан жана кызмат көрсөтүүдөн баш тарткандыгына байланыштуу) |
| 10 | Банктык чектелген эсепти толтуруу | Максималдык балanska лимиттин алкагында чектөөлөрсүз |
| 11 | Балanstагы калдыкка талаптар | 200 000 сом. |

**2-тиркеме**

## Анын жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга субъектинин Арызы (Макулдук/Пикир)

| | | |
|---|---|---|
| **1.Жекече маалыматтардын субъектисинин реквизиттери** | | |
| 1.1 ЖДН | | |
| 1.2 Фамилиясы | | |
| 1.3 Аты | | |
| 1.4 Атасынын аты | | |
| 1.5 Туулган датасы | | |
| 1.6 Паспорт боюнча дареги | | |
| 1.7 Жашаган дареги | | |
| 1.8 Паспорттун сериясы жана номери | | |
| 1.9 Паспорт берилген дата | | |
| 1.10 Паспорт берген орган | | |
| 1.11 Телефон номер | | |
| 1.12 Электрондук почтанын дареги | | |
| **2. Ишенимдүү адамдын реквизиттери (ишеним кат болгондо)** | | |
| 2.1 ИЖН | | |
| 2.2 Фамилиясы | | |
| 2.3 Аты | | |
| 2.4 Атасынын аты | | |
| 2.5 Туулган дата | | |
| 2.6 Паспорт боюнча дарек | | |
| 2.7 Жашаган дареги | | |
| 2.8 Паспорттун сериясы жана номери | | |
| 2.9 Паспорт берилген дата | | |
| 2.10 Паспорт берген орган | | |
| 2.11 Негизинде (Ишеним каттын, мыйзамдын, башка укуктук актынын) | | |
| **3. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуучунун реквизиттери** | | |
| 3.1 ИЖН | | |
| 3.2 БИК (коммерциялык банктар үчүн) | | |
| 3.2 Аталышы | | |
| 3.3 Дареги | | |
| 3.4 Кызматкердин А.А.А. | | |
| 3.5 Кызматкердин кызмат орду | | |
| **4. Жеке мүнөздөгү маалымат (бирөөнү танда)** | | |
| 4.1 Эмгек акы төлөө фондун көрсөтүү менен жекече камсыздандыруу эсебинен маалымат | *Ооба* | *Жок* |
| 4.2 Пенсиянын өлчөмүн көрсөтүү менен пенсиялык иштен маалымат | *Ооба* | *Жок* |
| **5. Жеке маалыматтарды иштеп чыгуу** | | |
| 5.1 Макулдашуу башталган дата (кол койгон дата) | | |

| | |
|---|---|
| 5.2 Макулдашуу өткөн дата (акыркы дата) | 01.01.2030-ж. |
| 5.3 Орду (калктуу конуш, дареги) | |
| ***Макулдашууда таанышуу жана кол коюу үчүн пункттулардын тизмеги*** | |
| Жогоруда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды Банкка мага «Маалыматты жарандарга жекече камсыздандыруу эсебинен берүү» жана /же «Пенсиялык иштен маалымат берүү» мамлекеттик кызмат көрсөтүү максатында иштеп чыгуу үчүн берем. | *[ААА жазуу түрүндө]*<br>*[Кол тамгасы]* |
| Мен, өзүмдүн ыктыярым менен, эркин абалда, аң-сезимим менен Жеке маалыматтарымды Иштеп чыгуучуга жеке мүнөздөгү маалыматты берүүгө Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна макулдугумду берем | *[ААА жазуу түрүндө]*<br>*[Кол тамгасы]* |
| Мен жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга макулдук ушул Макулдашууда белгиленген мөөнөткө таасир этери менен таанышып чыктым. | *[ААА жазуу түрүндө]*<br>*[Кол тамгасы]* |
| Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга Макулдук Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна эркин формада берилген арыздын негизинде ушул Макулдашуунун колдонуу мөөнөтү өткөнгө чейин чакыртылып алынышы мүмкүн экендиги менен тааныштым; | *[ААА жазуу түрүндө]*<br>*[Кол тамгасы]* |
| Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга ушул Макулдукту чакыртып алган же иштөө мөөнөтү аяктаган учурда менин жеке маалыматтарымды толугу менен же жарым-жартылай иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык улантылышы мүмкүндүгү менен таанышып чыктым. | *[ААА жазуу түрүндө]*<br>*[Кол тамгасы]* |
| ***Чакыртып алуу менен таанышуу жана ага кол коюу үчүн пункттулардын тизмеги*** | |
| Мен, өзүмдүн ыктыярым менен, эркин абалда, аң-сезимим менен Жеке маалыматтарды Иштеп чыгуучуга жеке мүнөздөгү маалыматты берүүгө макулдукту чакыртып алганга Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна макулдугумду берем | *[ААА жазуу түрүндө]*<br>*[Кол тамгасы]* |
| менин жеке маалыматтарымды толугу менен же жарым-жартылай иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Мыйзамына ылайык улантылышы мүмкүндүгү менен таанышып чыктым. | *[ААА жазуу түрүндө]*<br>*[Кол тамгасы]* |

**3-тиркеме**

**Анын жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга жеке маалыматтардын субъектисинин макулдугунун**
**ТИПТҮҮ ФОРМАСЫ**

Мен, ________________________________________________________________

Кыргыз Республикасында берилген ИЖН: ______________________________________

Өздүгүн күбөлөндүрүүчү документ: _______________________ серия ___________ № ___________
(документтин түрү)

берилди: ____________________________________________________________________,
(берилген дата, берген органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дарек: __________________________________________________

____________________________________________________________________________

Катталган жердин дареги: _____________________________________________________

____________________________________________________________________________

Байланыш телефон: __________________________ эл.почта ___________________________

макулдугумду берем __________________________________________________________
(уюмдун аталышы жана дареги)

____________________________________________________________________________

 менин жеке маалыматтарымды иштеп чыгууга (жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү) топтоштуруу);

 «Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалыматтар чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык үчүнчү жактарга менин жеке маалыматтарымды берүүгө;

 андан ары иштеп чыгуу (жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү) топтошгтуруу) үчүн «Насыялык маалымат алмашуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык кредиттик бюролорго менин жеке малыматтарымды берүүгө.

жеке маалыматтардын төмөнкү тизмегине жана аларды өзгөртүү жөнүндөгү маалыматтарына ылайык: улуттук паспорттун тибин, ИЖН, ААА, туулган датасы, документтин номери, документти берген органдын аталышы жана анын коду, беген датасы, иштөө мөөнөтү, жынысы, беттин санариптик чагылдырылышы, жашаган жери, үй-бүлөлүк абалы.

Жеке малыматтарды топтоо, иштеп чыгуу төмөнкү максаттарга гана жүзөгө ашырылат ____________________________________________________________________________.

Бул макулдашуу жеке маалыматтарды же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу, жогоруда белгиленген маалыматтарды камтыган, документтерди сактоо мөөнөтү өткөнгө чейин берилет

Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук эркин формадагы жазуу түрүндөгү арыздын негизинде субъект тарабынан чакыртылып алынышы мүмкүн. Бул макулдашууну чакыртып алган учурда жеке маалыматтарды иштеп чыгуу «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Респубикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-статьяларына ылайык толук же жарым жартылай узартылышы мүмкүн.

Субъект жазуу түрүндөгү өтүнмөсү аркылуу анын жеке маалыматтарын иштеп чыгууга тиешелүү маалыматтарды алганга укуктуу (“Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-статьясына ылайык).

Мен «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору, Жеке маалыматтардын субъектисинин анын жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга макулдугун алуу Тартиби, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 токтому менен бекитилген анын жеке маалыматтарын үчүнчү жакка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектисине билдирүү тартиби жана формасы менен таанышкандыгымды ырастайм.

Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктар жана милдеттер мага түшүндүрүлдү.

Дата: ____________________ ________________________________ ____________________________
(күнү, айы, жылы) А.А.А. Кол тамгасы

**4-тиркеме**

*Макулдук-арыз*

Биз төмөндө кол коюучулар, «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКынын (мындан ары – Банк) Кардарлары болуп саналабыз, ушуну менен биз жөнүндө кандай болбосун маалыматтарды «КЫРГЫЗСТАН коммерциялык банкы» ААКысынын ыйгарым укуктуу кызматкерлери тарабынан, тобокелдиктерди (анын ичинде кредиттик) төмөндөтүү, кайра карыз болууга жол бербөө жана кредитти/зайымды, каржылоону/банктык кепилдиктерди жана башка кредитик алмаштыргычтарды жөнөкөйлөтүү максатында кредиттик тарыхыбызды түзүүнү жана аларды финансы-кредиттик мекемелердин жана башка жеке/юридикалык жактардын ортосунда алмашууну жүзөгө ашырган кандай болбосун Кредиттик бюрого/бюродон, анын ичинде «Ишеним» КБЖАКсынан/сына мөөнөтсүз сактоосуна жана/же берүүсүнө жана/же алуусуна өз макулдуктарыбызды ыктыярдуу түрдө беребиз.

Ошондой эле - эгер кредит алууга өтүнмө / кредит аныкталган Программага/акча каражаттарынын максатту колдонулушуна контроль жүргүзүү үчүн ал боюнча Банк отчетторду жана маалыматты тиешелүү мамлекеттик жана башка органдарга, юридикалык жана Программа/Каржылоо долбоору боюнча кредит берүү шарттарынын аткарылыш процессин контролдоочу башка жактарга берген Каржылоо Долбооруна шайкеш келсе, биз маалыматтарды тиешелүү мамлекеттик жана башка органдарга, юридикалык жана башка жактарга мөөнөтсүз сактоого жана/ же берүүгө жана/же алууга ыктыярыбыз менен макулдугубузду беребиз.

Аталган маалыматтарга биз «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКынан алган биз жөнүндөгү маалыматтар (жеке жактын ААА, юридикалык жактын аталышы, жынысы, туулган датасы, жашаган /бизнести жүргүзгөн жеринин дареги жана кандай болбосун мурунку даректери, ишинин түрү жана кредиттер/банктык кепилдиктер жана башка кредиттик билдирүүлөр боюнча (кредиттин түрү, кредиттин суммасы) субъектинин ролу, арыз берген датасы, төлөө тарыхынын так маалыматтары, жоюлбаган калдыгы, дефолттун суммасы жана бул эсеп боюнча карыздын жалпы суммасы, кепилдик берүүчүлөр/гаранттар, күрөө берүүчүлөр жана алардын маалыматты Берүүчүлөр алдында милдеттенмелери, анын ичинде дагы башка маалыматтар болгон же пайда болгон башка адамдар жөнүндөгү маалыматтар), кредиттер боюнча өз милдеттенмелерибизди аткарбагандыгыбыз же талаптагыдай эмес аткаргандыгыбыз менен байланыштуу бизге карата кабыл алынган чаралар жөнүндө маалыматтарды жана документтерди кароо жана тариздөө учурунда, кредитти берүү жана жоюу процессинде «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКына белгилүү болгон башка маалыматтар кирет.

Мында «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКы тарабынан биз тараптан берилген бардык маалыматты пайдалануунун конфиденциалдуулугу кепилденет.

Ошондой эле биз бул документ «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКын кредит берүү боюнча милдеттенмелерине алып келбеси менен тааныштык.

______________//________________________

__________//______________________________

/кол тамгасы/ /Зайымчынын ААА/ /кол тамгасы/

/Зайымчынын жубайынын ААА

****Кредиттин маалыматтык субъектилеринин кол тамгаларынын аныктыгына жоопкерчиликти Зайымчы алат (Эгер кол тамгалар аталган адамдардын кол тамгасына туура келбесе, Банк кредит бергенден баш тартууга укуктуу).***

| | |
|---|---|
| ______________//________________________<br>/кол тамга/ /ААА/ Субъект №1 | ________________//________________________<br>/кол тамга/ /ААА/ Субъект №5 |
| ______________//________________________<br>/кол тамга/ /ААА/ Субъект №2 | ________________//________________________<br>/кол тамга/ /ААА/ Субъект №6 |
| ______________//________________________<br>/кол тамга/ /ААА/ Субъект №3 | ________________//________________________<br>/кол тамга/ /ААА/ Субъект №7 |
| ______________//________________________<br>/кол тамга/ /ААА/ Субъект №4 | ________________//________________________<br>/кол тамга/ /ААА/ Субъект №8 |

Макулдук-арызды толтурган жана ага кол тамга койгон дата «___» _____________ 20__-ж.

**Кредиттик бюро –** Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык коммерциялык уюм болуп саналган жана кредит маалыматын алмашууну жүзөгө ашыруу боюнча кызмат көрсөтүүчү юридикалык жак

**Кардар** – аныкталган кредит/зайым/каржылоо (зайымчы/лизинг берүүчү/күрөө коюучу/кепилдик берүүчү/гарант ж.б.) менен байланышкан жеке же юридикалык жак.

**5-тиркеме**

## Анын жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга субъектинин Макулдугу (Макулдашууга/Чакыртып алууга)

Мен, ________________________________________________________________________________

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ИЖН: _________________________________________________

Өздүктү күбөлөндүрүүчү документ: ________________ серия ___________ № ___________________
(документтин түрү)

берилди: ___________________________________________________________________________,
(берген дата, берген органдын аталышы)

Иш жүзүндө жашаган дареги: __________________________________________________________

_______________________________________________________________________________________

Катталган жеринин дареги: _____________________________________________________________

_______________________________________________________________________________________

Байланыш телефон: ___________________________ эл.почта ____________________________________

макулдугумду берем: ___________________________________________________________________
(уюмдун аталышы жана дареги)

_______________________________________________________________________________________

менин жеке маалыматтарымды, (жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү) топтоштуруу) **салыктык сырды түзгөн маалыматтарды** иштеп чыгууга;

«Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жеке мүнөздөгү маалыматтар чөйрөсүндөгү башка ченемдик укуктук актыларга ылайык үчүнчү жактарга менин жеке малыматтарымды берүүгө;

Андан ары иштеп чыгуу (жеке маалыматтарды топтоо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу (жаңылоо, өзгөртүү) топтоштуруу) үчүн «Насыялык маалыматтарды алмашуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык кредиттик бюрого менин жеке маалыматтарымды берүүгө;

Жеке маалыматтардын жана аларды өзгөртүү жөнүндөгү маалыматтардын тизмегине ылайык:

1) салык төлөөчүнүн реквизиттери (салык төлөөчүнүн аталышы же фамилиясы, аты, атасынын аты) жөнүндө, ошондой эле салык төлөөчүнүн идентификациялык номери жөнүндө;

2) салык төлөөчү тарабынан таанылган салыктык карызынын суммасы жөнүндө;

Салык төлөөчүнүн мурда алынган бардык жана колдонуудагы патенттери жөнүндө.

Жеке маалыматарды топтоо, иштеп чыгуу *кредитти берүү жөнүндө чечим кабыл алуу жана банктык башка кызматтарды көрсөтүү максатында гана* жүзөгө ашырылат.

Бул макулдашуу жеке маалыматтарды же жогоруда белгиленген маалыматтарды камтыган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталуучу документтерди сактоо мөөнөтү өткөнгө чейин берилет.

Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук эркин формадагы жазуу түрүндөгү арыздын негизинде субъект тарабынан чакыртылып алынышы мүмкүн. Бул макулдашуу чакыртылып алынган учурда, жеке маалыматтарды иштеп чыгуу «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5 жана 15-статьяларына ылайык толук же жарым жартылай узартылышы мүмкүн.

Субъект жазуу түрүндөгү өтүнмөсү аркылуу анын жеке маалыматтарын иштеп чыгууга тиешелүү маалыматтарды алганга укуктуу («Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-статьясына ылайык).

Мен «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жоболору, Жеке маалыматтардын субъектисинин анын жеке маалыматтарын топтоого жана иштеп чыгууга макулдугун алуу Тартиби, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 токтому менен бекитилген анын жеке маалыматтарын үчүнчү жакка берүү жөнүндө жеке маалыматтар субъектисине билдирүү тартиби жана формасы, Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарынын салык сырына тиешелүү бөлүгү менен таанышкандыгымды ырастайм.

Жеке маалыматтарды коргоо жаатындагы укуктар жана милдеттенмелер мага түшүндүрүлдү.

Дата: ____________________ ______________________________ ____________________________
(күнү, айы, жылы) ААА Кол тамгасы

**6-тиркеме**

**“КЫРГЫЗСТАН КОММЕРЦИЯЛЫК БАНКЫ” ААКЫНЫН
MBANK КЫЗМАТЫНЫН КОНФИДЕНЦИАЛДУУЛУК САЯСАТЫ**

Ушул Жеке маалыматтардын конфиденциалдуулугу саясаты (мындан ары – конфидиенциалдуулук саясаты) «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКы «MBank» кызмат көрсөтүүсүн колдонуп жаткан учурда Кардар жөнүндө ала турган бардык маалыматка карата иштейт.

## 1. ТЕРМИНДЕРДИН АНЫКТАМАСЫ

1.1. Бул Конфиденциалдуулук саясатында төмөнкү терминдер колдонулат:

1.1.2. **«Жеке маалыматтар»** - түздөн-түз аныкталган же аныкталуучу жеке жакка (жеке маалыматтардын субъектисине) тиешелүү кандай болбосун маалымат.

1.1.3. **«Жеке маалыматтарды иштетүү»** - жеке маалыматтары менен, жеке маалыматтарды топтоону, жазууну, системдештирүүнү, чогултууну, сактоону, тактоону (жаңылоону, өзгөртүүнү) алууну, колдонууну, өткөрүп берүүнү (жайылтуу, берүү, кирүү), накталай эмеске айландырууну, блоктоону, алып салууну, жок кылууну кошо, автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен же мындай каражаттарды колдонбостон жүргүзүлгөн кандай болбосун аракет (операция) же аракеттер жыйындысы.

1.1.4. **«Жеке маалыматтардын конфиденциалдуулугу»** - жеке маалыматтын субъекисинин макулдугусуз же мыйзамдуу башка негиздерсиз алардын жайылтылышына жол бербөө талабын Банк тарабынан сактоо үчүн милдеттүүлүгү.

1.1.5. **«Кардар»** – 18 жаш куракка чыккан, укукка жөндөмдүү жана эмгекке жөндөмдүү, ага кошулуу аркылуу Банк менен Келишим түзгөн жеке жак.

## 2. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

2.1. «MBank» кызмат көрсөтүүсүн Кардардын колдонушу ушул Конфиденциалдуулуктун саясатына жана Кардардын жеке маалыматтарын иштеп чыгуу шарттары менен макулдугун билдирет.

2.2. Конфиденциалдуулуктун саясатынын шарттарына макул болбогон учурда Кардар «MBank» кызмат көрсөтүүсүн колдонууну токтотушу керек.

2.3. Бул Конфиденциалдуулуктун саясаты «MBank» кызмат көрсөтүүсүнө гана колдонулат.

## 3. КОНФИДЕНЦИАЛДУУЛУК САЯСАТЫНЫН ПРЕДМЕТИ

3.1. Бул Конфиденциалдуулук саясаты «КЫРГЫЗСТАН Коммерциялык банкы» ААКынын жеке маалыматтардын конфиденциалдуулугун коргоо режимин ачыкка чыгарбоо жана камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерин белгилейт.

3.2. Бул Конфиденциалдуулук саясатынын алкагында иштеп чыгууга уруксат берилген жеке маалыматтар банкка Кардар тарабынан берилет.

3.2.1. Кардар «MBank» кызмат көрсөтүүсүн колдонгон учурда.

## 4. КОЛДОНУУЧУНУН ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАРЫН ТОПТОО МАКСАТЫ

4.1. Кардардын жеке маалыматтары Кардардын «MBank» кызмат көрсөтүүсүнө кирүүнү берүү максатында жана функционалды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн алуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

## 5. ЖЕКЕ МААЛЫМАТТЫ ИШТЕП ЧЫГУУНУН ЫКМАЛАРЫ ЖАНА МӨӨНӨТТӨРҮ

5.1. Кардардын жеке маалыматтарын иштеп чыгуу кандай болбосун мыйзамдуу ыкма менен, анын ичинде автоматташтыруу каражаттарын колдонуу менен же андай каражаттарды колдонбостон жеке маалыматтардын маалыматтык тутумунда мөөнөттү чектебестен жүзөгө ашырылат.

5.2. Кардардын жеке маалыматтары ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген негизде жана тартипте гана берилиши мүмкүн.

5.3. Банк Кардардын жеке маалыматын бейукук же капилет кирүүдөн, жок кылуудан, өзгөртүүдөн, блоктоодон, көчүрүп алуудан, жайылтуудан, ошондой эле үчүнчү жактардын дагы башка бейукук аракеттеринен коргоо үчүн керектүү уштуруучу жана техникалык чараларды кабыл алат.

5.4. Эгер жеке маалыматтар Кардар тарабынан атайын берилген болсо, же Кардардын күнөөсү менен үчүнчү жактарга атайын эмес белгилүү болуп калса, Банк жоопкерчилик тартпайт.

## 6. ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

**6.1. Кардар милдеттүү:**

6.1.1. «MBank» кызмат көрсөтүүсүн колдонуу үчүн керектүү жеке маалыматтар жөнүндө маалыматты берүүгө.

6.1.2. Бул Конфиденциалдуулук саясатынын 6.1.1. пунктунда белгиленген маалыматтар өзгөргөн учурда жеке маалыматтар жөнүндө берилген маалыматтарды жаңылоого, толуктоого.

**6.2. Банк милдеттүү:**

6.2.1. Алынган маалыматты ушул Конфиденциалдуулук саясатынын 4-пунктунда белгиленген максаттар үчүн гана колдонууга.

6.2.2. Конфиденциалдык маалыматты сыр катары сакталышын камсыз кылууга, Кардардын алдын ала жазуу түрүндөгү уруксатысыз ачыкка чыгарбоого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын белгиленген талаптарын кошпогондо, Кардардын өткөрүп берилген жеке маалыматтарын алмашууну, жарыялоону, же башка мүмкүн болгон ыкмалар менен ачыкка чыгарууну жүзөгө ашырбоого;

6.2.3. Негизинен колдонуудагы ишкер жүгүртүүдө мындай түрдөгү маалыматты коргоо үчүн колдонулуучу тартипке ылайык Кардардын жеке маалыматтарынын конфиденциалдуулугун коргоо үчүн алдын ала коопсуздук чараларын кабыл алууга.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

7.1. Ушул Конфиденциалдуулук саясатынын 5.2 жана 5.4. пунктуларында каралган учурларды кошпогондо, Банк Кардардын жеке маалыматтарын бейукук колдонгондугу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## 8. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ

8.1. Кардардын жана Банктын ортосундагы мамилелерден пайда болгон маселелер боюнча сотко доо менен кайрылганга чейин доо (талашты ыктыяры менен жөнгө салуу жөнүндө жазуу түрүндөгү сунуш) коюу милдеттүү болуп саналат.

8.2. Доону алуучу ошол доону алган күндөн баштап 30 календардык күндүн аралыгында, доонун ээсине ошол доону кароосунун жыйынтыгы жөнүндө жазуу түрүндө билдирет.
8.3. Макулдашууга жетишилбеген учурда талаш Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык сот органына кароого өткөрүлүп берилет.
8.4. Ушул Конфиденциалдуулук Саясатка жана Кардар менен Банктын ортосундагы мамилеге Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары колдонулат.

## 9. КОШУМЧА ШАРТТАР

9.1. Эгер Конфиденциалдуулуктун Саясатынын жаңы редакциясында башка каралбаган болсо, Конфиденциалдуулуктун жаңы саясаты ал Банктын сайтына жайгаштырылган мөөнөттөн баштап күчүнө кирет.
9.2. Колдонуудагы Конфиденциалдуулуктун саясаты www.cbk.kg дареги боюнча бетте жайгаштырылган.

**7-тиркеме**

**«MBANK» КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮСҮН КОЛДОНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ (мындан ары – «Эрежелер»)**

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР.

**Мобилдик банкинг** – банктын эсептеринде мобилдик түзүлүш жана/же Интернет глобалдык компьютердик тарам аркылуу Кардарга акча каражаттарын башкаруу боюнча банктык кызмат көрсөтүү үчүн багытталган программалык-техникалык каражаттардын жана уюштуруу иш-чараларынын тутуму.

**Электрондук капчык** - программалык камсыздоону же анда электрондук акчанын суммасы жана анын ээсине таандыктыгы жазылган башка программалык-техникалык түзүлүштү туюндуруучу электрондук акчаларды сактагыч.

**Мобилдик тиркеме** – Кардарларга кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө боюнча операцияларды жүргүзүү, банкта ачылган өз эсептерин башкаруу жана Интернет тарамы аркылуу мобилдик түзүлүштүн жардамы менен башка дагы операцияларды жүргүзүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу үчүн багытталган, Android жана iOS платформасында мобилдик түзүлүш (смартфон, планщет) үчүн программалык камсыздоо.

**WEB ресурс** – Банктын расмий www.cbk.kg сайтындагы бет, ал кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө боюнча операцияларды жүргүзүү мүмкүндүгүн Кардарларга камсыз кылуу жана Банкта ачылган эсептерин башкаруу, жана Интернет тарамы аркылуу башка дагы операцияларды жасоо үчүн багытталган.

**Логин** – жеке кабинетке кирүү үчүн Кардардын коддук аты. Кардардын логини болуп мобилдик телефондун «996*********» форматтагы номери саналат.
**PIN-код** – өздүгүн ырастоо жана Мобилдик тиркемеге кирүүнү алуу үчүн Кардар тарабынан берилүүчү сырдуу код.
**Пароль** –өздүгүн ырастоо жана WEB ресурс аркылуу Кызмат көрсөтүүгө кирүүнү алуу үчүн Кардар тарабынан берилүүчү сырдуу код.
**Коддук сөз** – Кардар менен телефон аркылуу баарлашууда аны Банкта идентификациялоо үчүн колдонулуучу сырдуу сөз. Коддук сөз Кызмат көрсөтүүгө кошуп жатканда Кардар тарабынан коюлат.
**Төмөндөбөс калдык (комиссия үчүн резерв)** – колдонуудагы тарифтерге ылайык, кызмат көрсөтүү үчүн төлөмдү акцептисиз кармоо үчүн резервделген Банк эсебинин каражатынын бөлүгү.
**Овердрафт –** кыска мөөнөттүү кредиттин формасы, аны берүү Кардарга карт-эсебинде болгон суммадан ашык, жана Банк менен Кардардын ортосундагы келишимде каралган шарттарда төлөмдөрдү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.
**Накталай акчаларды берүү пункту (НБП)** – бул банк карточкаларын колдонуу менен накталай акча каражаттарын кабыл алуу жана/же берүү боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн атайын жабдылган орун (Банктын бөлүмү/банкомат).

**«MBank» тутумундагы эсептик жазуу-** Колдонуучу «MBank» тутумунда катталууда өзү жөнүндө билдирген маалыматты камтыган жазуу.
**Абалкы эсеп** – Кардардын «MBank» кызмат көрсөтүүдө акча каражаттарынын түшүүсү үчүн негизги катары тандалган эсеби.

## 2. КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮНҮ КОЛДОНУУ ШАРТТАРЫ

2.1. Түрдүү кызмат көрсөтүүлөргө төлөө, өз эсептерин, Банкта ачылган электрондук капчыкты башкаруу боюнча жана башка операциялар Кардардын мобилдик түзүлүшүнөн Мобилдик

тиркеменин жардамы менен Кардардын ПКсынан/ноутбугунан WEB ресурс аркылуу (Мобилдик тиркемени жана /же WEB ресурсту колдонуу үчүн Интернет тарамына кошулуу талап кылынат) суткасына 24 саат бою (алдын алу, регламенттик жана оңдоп-түзөө иштерин жүргүзүү убактысын кошпогондо, күн сайын тыныгуусуз) Кардар тарабынан жүзөгө ашырылат.

2.2. Мобилдик банкингге кошулуу жеке жактын MBank кызмат көрсөтүүсүнө кошууга жазылган арыздын же талап кылганга чейинки карталык эсептин келишиминин негизинде жана банк картасын колдонуу менен жүргүзүлөт.

2.3. Электрондук капчыкка кошулуу Кардар тарабынан өз алдынча жүзөгө ашырылат. Кошуу үчүн керек:

2.3.1. Мобилдик түзүлүштүн (Android, iOS – ага тете) операциялык тутумуна шайкеш келүүчү маркеттен (Google play, App Store) тиркеме жүктөө жана коротулган интернет-трафикке ылайык Кардар тарабынан төлөнөт.

2.3.2. Каттоодон өтүү.

2.4. «MBank» кызмат көрсөтүүсүнө Кардарды каттоо Кардар кызмат көрсөтүүнү каттоодо көрсөткөн мобилдик телефондун номерине жиберилген SMS-билдирүүнүн текстинде Кардар алган сеанстык пароль менен ырасталат (WEB ресур же Мобилдик тиркеме аркылуу иштөө үчүн).

2.4.1. Сеанстык Пароль бир жолку болуп саналат, 6-24 белгиден турат жана Кардар өзүнүн 6-24 белгиден турган Паролун орнотууга тутумга кирүү үчүн колдонулат. Коопсуздук саясатына ылайык, пароль символдордун төмөнкү топторунан турушу керек:

- ✓ Латынча кичине тамгалар (s, a, v, b ж.б.)
- ✓ Сандар (0-9);
- ✓ Атайын символдор (%, @, #, & ж.б.).

2.4.2. Андан ары кошумча авторлошуу үчүн 4 маанилүү PIN код ойлоп таап, орнотуу керек.
2.4.3. Сеанстык паролдун иштөө мөөнөтү 3 календардык күндү түзөт. Кардар сеанстык Паролду белгиленген мөөнөттө колдонбогон учурда, пароль күчүн жоготот. Сеанстык жаңы Паролду алуу үчүн банкка Кардар жазуу түрүндөгү арыз менен кайрылышы керек.

2.5. Кызмат көрсөтүүдөн паролдун бир жолку мазмуну менен смс-билдирүү алганда, «MBank» тутумунда операцияны жүргүзүү үчүн Кардар алмаштырууну/орнотууну өз алдынча жүргүзөт.

2.6. Туура коюлган логин жана PIN-код же Пароль менен операцияларды жүргүзүү боюнча Банкка тескеме Кардардын тескемеси болуп эсептелет жана кызмат көрсөтүүчү менен түзүлгөн келишимдерге ылайык мөөнөттө, бирок эреже катары операция жүргүзгөн күндөн кийинки жумушчу күндөн кеч эмес Банк тарабынан аткарылат.

2.7. Кардар Кызмат көрсөтүүнү колдонуу менен аны жүргүзүүдө белгиленген операциялардын реквизиттерине толук жоопкерчиликти алып жүрөт.

2.8. Кызмат көрсөтүүнү кошуп жаткан учурда, же башка бардык убакытта жеке өзү Банкка кайрылуу жана эсептин статусун “АКТИВДҮҮ ЭМЕСКЕ” өзгөртүү жөнүндө арыз берүү аркылуу, “Эсептерди башкаруу” бетинде WEB ресурстун жардамы менен өз алдынча Кардар Мобилдик тиркеменин жардамы менен карталык эсептен каалаганын колдонууну чектөөгө укуктуу

2.9. WEB ресурстун жардамы менен кызмат көрсөтүүнү пайдалануу үчүн Кардар Банктын негизги www.cbk.kg бетинен Интернет банкингдин бетине өтүшү керек.

2.10. Кардар мобилдик телефонунун номерин Банкка өзү жеке кайрылуу аркылуу анын бөлүмүндө өзгөртө алат.
2.11. Алдын алуу жана регламенттик иштерди аткару максатында, «MBank» кызмат көрсөтүүсүнүн ишиндеги техникалык тыныгуу тиешелүү маалыматты Мобилдик тиркеменин

жаңылыктар бөлүмүндө жана Банктын www.cbk.kg сайтында жайгаштыруу аркылуу Кардарга алдын ала эскертүү боюнча жүргүзүлөт.

## 3. КООПСУЗДУК

3.1. PIN-код жана Пароль өтө конфиденцияалдуу маалымат болуп саналат жана Кардарга гана белгилүү болушу керек. PIN-кодду жана/же Паролду ачыкка чыгарганга же үчүнчү жактарга бергенге тыюу салынат. PIN-кодду жана/же Паролду ачыкка чыгаруу Кардардын каражаттарына санкцияланбаган кирүүгө алып келиши мүмкүн. PIN-код жана/же Пароль үчүнчү жактарга белгилүү болгондугу жөнүндө шек жаралса, Кардар кызмат көрсөтүүнүн тиешелүү пунктуна келип, PIN-кодду жана/же Паролду өз алдынча өзгөртүшү, Банктын кандай болбосун бөлүмүнө кайрылышы же Банктын байланыш-борборуна +996 (312) 61-33-33, +996 (556) 61 33 33, +996 (770) 33 33 69, +996 (701) 33 33 69 күнү-түнү) кызмат көрсөтүүнү блоктоо үчүн чалышы керек.

3.2. Эгер аларда кошумча коргоо инструменттери иштетилбесе (мисалы, пароль же санариптик ачкыч боюнча блоктон чыгаруу), PIN-кодду жана/же Паролду ПКда/ноутбукта/мобилдик түзүлүштө сактоого болбойт.

3.3. PIN-код жана/же Пароль катары менен үч жолу туура эмес терилсе, Кардардын каражаттарынын коопсуздугу максатында, «MBank» кызмат көрсөтүүсү 1 (бир) саатка блоктолот, андан ары PIN-код жана/же Пароль катары менен үч жолу туура эмес терилсе, Кардардын каражаттарынын коопсуздугу максатында «MBank» кызмат көрсөтүүсү Кардар Банкка жеке өзү кайрылганга чейин блоктолот.

3.4. Мобилдик телефон жоголгон, уурдалган учурда учеттук жазууларды блоктоо үчүн Банкка дароо +996 (312) 61-33-33, +996 (556) 61 33 33, +996 (770) 33 33 69, +996 (701) 33 33 (күнү-түнү) телефону боюнча кайрылуу же Банкка жеке өзү кайрылуусу керек.

3.5. Кызмат көрсөтүүнү ПКдан/ноутбуктан, жалпы колдонуудагы мобилдик (персоналдык эмес) түзүлүштөн коопсуз колдонуу үчүн клавиатурадан киргизилген жана экранга алынган маалыматтын конфиденциалдуулугун камсыз кылуу, ал эми иш бүткөндөн кийин – тутумдан түз чыгып кетүү сунушталат (бул үчүн Кызмат көрсөтүү менюсунда “Чыгуу” командасын тандоо керек).

3.6. Кардар ушул Эрежелердин 3.1., 3.2. пунктуларында каралган шарттарды сактабаганда, Кардарга үчүнчү жактардын аракеттери менен келтирилген зыян үчүн Банк эч кандай жоопкерчилик тартпайт.

## 4. МОБИЛДИК БАНКИНГДИ КОЛДОНУУ МЕНЕН МҮМКҮН БОЛУУЧУ ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕГИ

4.1. Мобилдик банкингди кошууда кардарга төмөнкүлөр жеткиликтүү болот:

4.1.1. Акча которуулар:

Өзүнүн эсептеринин ортосундагы которуулар
Телефондун номери боюнча каражаттарды которуу;
Реквизиттер боюнча каражаттарды которуу (Мобилдик тиркеменин жана/же WEB ресурстун жардамы менген гана); Кызмат көрсөтүүнү пайдаланган башка жактардан каражат суроо;

4.1.2. Кызмат көрсөтүүлөрдү төлөө (коммуналдык төлөмдөр, байланыш кызматтарын төлөө жана башка төлөмдөр, ЖККнын айып пулдарын төлөө ж.б.);

4.1.3. Кызмат көрсөтүүнү колдонгон башка жактардан акча каражаттарынын өтүнмөлөрүн төлөө;

4.1.4. Соода-сервистик ишканалардын тарамында товарларды жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө;

4.1.5. Эсептер боюнча көчүрмөлөрдү көрүү;

4.1.6. Жүргүзүлгөн транзакциялар боюнча деталдуу маалыматтарды көрүү;

4.1.7. Накталай эмес операциялар боюнча валюталар курсун көрүү;

4.1.8. Кредитке, депозитке жана SWIFT төлөмгө өтүнмөлөрдү жиберүү (*өтүнмө юридикалык күчкө ээ эмес, Банктан кайтарма байланыштын фактору кызматын өтөйт);

4.1.9. Төлөмдөр шаблонун түзүү.

4.1.10. Үзгүлтүксүз төлөмдөрдү түзүү (WEB ресурстун гана жардамы менен)

4.1.11. PIN-кодду, Паролду жана Логинди алмаштыруу.

4.2. Кардардын эсебин толтуруу касса, кэш-ин терминалдар, банкоматтар (кэш-ин функциясы менен жана төлөм картасы болгондо гана) аркылуу накталай, же накталай эмес жол аркылуу жүргүзүлөт.

4.3. Накталай акчаны Кардардын чыгарып улуусу Банктын кандай болбосун бөлүмдөрүндө паспортту сөзсүз көрсөтүү менен касса аркылуу, же банкоматтарда төлөм картасы жана картанын PIN кодун көрсөткөндө НБП аркылуу жүзөгө ашырылат.

Накталай акчаларды берүү жана эсепти толтуруу пунктуларынын тизмеси менен www.cbk.kg сайтында, Банктын бөлүмдөрүндөгү маалымат дубалдарында, операторлордо, же Банктын Контакт-борборунда +996 (312) 61-33-33, +996 (556) 61 33 33, +996 (770) 33 33 69, +996 (701) 33 33 69 телефону боюнча таанышууга болот.

## 5. ЭЛЕКТРОНДУК КАПЧЫКТЫ КОЛДОНУУ МЕНЕН МҮМКҮН БОЛУУЧУ ОПЕРАЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕГИ

5.1. Электрондук капчыкты иштеткенде Кардарга төмөнкүлөр жеткиликтүү болот:

5.1.1. Электрондук капчыктын калдыгын көрүү;

5.1.2. Кызмат көрсөтүүлөргө төлөө (коммуналдык төлөмдөр, байланыш кызматын жана башка төлөмдөрдү төлөө, ЖККнын айып пулдарын төлөө ж.б.);

5.1.3. Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө акча каражаттарын суроону төлөө;

5.1.4. Соода-сервистик ишканалардын тарамында товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө төлөө;

5.1.5. Көчүрмөнү көрүү;

5.1.6. Жүргүзүлгөн транзакциялар боюнча деталдуу маалыматты көрүү;

5.1.7. Накталай эмес операциялар боюнча валюталар курсун көрүү;

5.1.8. Кредитке/депозитке өтүнмө* жиберүү (*өтүнмө юридикалык күчкө ээ эмес, банктан кайтарма байланыштын фактору болуп кызмат өтөйт);

5.1.9. Төлөмдөр шаблонун түзүү;

5.1.10. PIN-кодду алмаштыруу.

## 6. КАРАЖАТТАРДЫ РЕКВИЗИТТЕР БОЮНЧА КОТОРУУ

6.1. Банктын ичиндеги эсептер боюнча жүргүзүлүүчү реквизиттер боюнча төлөмдөр жумушчу күндөрү гана саат 17:00гө чейин жүргүзүлөт. Мында каражатты эсептен чыгуруу эсебинин валютасы алуучунун эсебинин валютасы менен шайкеш келиши керек.

6.2. Башка банктарга эсептерге жүргүзүлүүчү реквизиттер боюнча төлөмдөр жумушчу күндөрү гана саат 11:00гө чейин жүргүзүлөт. Мында төлөмдөр улуттук валютада ачылган эсептерден гана жүргүзүлүшү мүмкүн жана клиринг боюнча операциясына Банктын тарифтерине ылайык төлөнөт.

## 7. СООДА ЖАНА ТЕЙЛӨӨ ЧӨЙРӨСҮНҮН ИШКАНАЛАРЫНДА ТОВАРЛДАРДЫ ЖАНА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ ТӨЛӨӨ

7.1. Товарга жана кызмат көрсөтүүгө төлөө анын жана Банктын ортосунда тиешелүү келишим түзүлгөн соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсү ишканаларында «MBank» кызмат көрсөтүүсүнүн жардамы менен мүмкүн болот.

7.2. Соода жана 6.1. пунктуда белгиленген кызмат көрсөтүү чүйрөсүнүн ишканасынын тизмеги менен www.cbk.kg сайтында, Банктын бөлүмдөрүнүн маалымат дубалдарында, операторлордо, же Банктын Контакт –борборунда +996 (312) 61-33-33, +996 (556) 61 33 33, +996 (770) 33 33 69, +996 (701) 33 33 69 телефону боюнча тааныша аласыздар.

7.3. Төлөө тартиби:

7.3.1. Ишкананын кассири WEB интерфейсте (ишканалар үчүн орнотулган) Кардардан сатып алуу (кызмат көрсөтүү) суммасына каражаттарды суроону түзөт;

7.3.2. Өтүнгөн сумма сатып алуу суммасына шайкеш келерине Кардар ынанат, жана өтүнмөнү төлөйт, аны менен Банкка Кардардын жеке Банктык эсебинен тиешелүү сумманы эсептен чыгарып салууга тескеме берет.

7.3.3. Төлөөнүн ырастамасы болуп эсеп боюнча көчүрмө жана соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндө ишкананын кассалык чеги саналат.

7.3.4. Ишканада Кардарга акча каражатын суроону түзүү мүмкүндүгү жок болгондо (тигил же бул себептер менен), Кардар Ишкананын эсебине телефондун номери боюнча акча которууну жүргүзө алат. Мында Кардар төлөмдүн туура реквизиттерин: ишкананын телефонунун номерин, төлөмдүн суммасын көрсөтүүгө толук жоопкерчилик алат.

## 8. ЭСЕП БОЮНЧА МААЛЫМАТ АЛУУ

8.1. Кардардын Банктагы эсебинин «калдыгын суроо» функциясын аткарууда **Жалпы калдык, Эсептеги калдык, Кредиттин лимити** чагылдырылат. *ЭГЕР СИЗДЕ ТӨЛӨМ КАРТАСЫ«VISA», «MASTERCARD», «ЭЛКАРТ» БОЛСО:*

**Жалпы калдык** – төмөндөбөс калдыкты кошо, бардык каражаттардын калдыгы. Бул каражаттар төмөндөбөс калдыкты кемитүү менен “Мобилдик банкинг” тутумунда операцияларды жүргүзүү үчүн жеткиликтүү болуп саналат;

**Эсептеги калдык** – төмөндөбөс калдыктын каражаттары гана;

**Кредиттин лимити** –Банктын жана Кардардын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык овердрафт формасында Банк тарабынан Кардарга берилүүчү каражаттардын чектеги жеткиликтүү суммасы. * Эгер Кардарда колдонулбаган кредиттин (овердрафт) лимити болгон учурда, жалпы калдыктын чагылышы эсептеги акча каражатынын реалдуу калдыгы менен шайкеш келбей калышы мүмкүн.

8.2. «MBank» тутумунда эсеп боюнча көчүрмөнү жана калдыкты сураганда малымат төлөө тутумунун эрежелерине ылайык иштелип чыкпаган транзакциялдардын эсебисиз чагылдырылат.

## 9. ДОО ИШИН ЖҮРГҮЗҮҮ

9.1. MBank кызмат көрсөтүүсү аркылуу жаңылыш төлөм жүргүзүлгөн учурда арыз берүү үчүн Кардар банктын кайсы болбосун бөлүмүнө кайрылышы, же жумушчу эмес сааттарда Банктын контакт-борборуна +996 (312) 61-33-33, +996 (556) 61 33 33, +996 (770) 33 33 69, +996 (701) 33 33 69 (күнү-түнү) телефону боюнча чалуусу керек.

9.2. Кардарлардын доо төлөмдөрү арыздары жүргүзүлгөн төлөмгө жараша Банк тарабынан 3 жумушчу күндөн баштап мөөнөттө каралат. Төлөм процессинде тартылган Контрагенттен баш тартуу алганда Банк акчаны кайтарып берүүгө кепилдик бербейт.

**8-тиркеме**

ЭТТта жүргүзүлгөн карталык операциялар боюнча «КЫРГЫЗСТАН» Коммерциялык банкы ААКынын төлөм карталары боюнча конвертациялоо схемасы

| **Интернет-дүкөндө 100 000,00 тенге суммасына төлөө** | |
|---|---|
| **АКШ доллары картасынын валютасы, тенге менен төлөө** | |
| 1-учур. Транзакцияны иштеп чыгуу учурунда АКШ долларынын курсу жогору | 2-учур. Транзакцияны иштеп чыгуу учурунда АКШ долларынын курсу төмөн болгондо |
| **1 АКШ доллары = ЭТТнын курсу боюнча 469,69 тенге** | **1 АКШ доллары = ЭТТнын курсу боюнча 469,69 тенге** |
| 100 000,00 тенге / 469,69 тенге = операция жүргүзүү датасына 212,90 АКШ доллары | 100 000,00 тенге / 469,69 тенге = операция жүргүзүү датасына 212,90 АКШ доллары |
| **1 АКШ доллары = коммерциялык банктын курсу боюнча 470,00 тенге** | **1 АКШ доллары = коммерциялык банктын курсу боюнча 468,00 тенге** |
| 100 000 тенге/ 470,00 тенге =финансылык транзакцияны иштеп чыгуу датасына карата 212,76 доллар | 100 000 тенге/ 468,00 тенге = финансылык транзакцияны иштеп чыгуу датасына карата 213,67 доллар |
| Жыйынтыгы: 212,90 АКШ доллары - 212,76 АКШ доллары = 0,14 АКШ доллары (плюстук курстук айырма) | Жыйынтыгы: 212,90 АКШ доллары - 213,67 АКШ доллары = - 0,77 АКШ доллары (минустук курстук айырма) |

| **Сом картасынын валютасы, төлөө АКШ доллары менен** | |
|---|---|
| 1-учур. Транзакцияны иштеп чыгуу учурунда АКШ долларынын курсу жогору | 2-учур. Транзакцияны иштеп чыгуу учурунда АКШ долларынын курсу төмөн |
| **1 АКШ доллары = ЭТТнын курсу боюнча 83,00 сом** | **1 АКШ доллары = ЭТТнын курсу боюнча 83,00 сом** |
| 212,90 АКШ доллары * 83,00 сом = операция жүргүзүү датасына 17 670,70 сом | 212,90 АКШ доллары * 83,00 сом = операция жүргүзүү датасына 17 670,70 сом |
| **1 АКШ доллары = коммерциялык банктын курсу боюнча 84,00 сом** | **1 АКШ доллары = коммерциялык банктын курсу боюнча 82,00 сом** |
| 212,90 АКШ доллары * 84,00 сом =финансылык транзакцияны иштеп чыгуу датасына карата 17 883,60 сом | 212,90 АКШ доллары * 82,00 сом =финансылык транзакцияны иштеп чыгуу датасына карата 17 457,80 сом |
| Жыйынтыгы: 17 670,70 сом - 17 883,60 сом = - 212,90 сом (минустук курстук айырма) | Жыйынтыгы: 17 670,70 сом - 17 457,80 сом = 212,90 сом (плюстук курстук айырма) |

| **Акча которуу (P2P которуу)** | |
|---|---|
| **Биздин Банктын картасына Россиядан 100 000,00 рубль суммасында которуу (алуучу картанын валютасы сом)** | |
| **1 АКШ доллары = операция жүргүзүү датасына карата ЭТТнын курсу боюнча 82,50 рубль** | |
| **1 АКШ доллары = операция жүргүзүү датасына карата ЭТТнын курсу боюнча 83,00сом** | |
| 100 000,00 рубль / 82,50 рубль = 1 212,12 АКШ доллары | |
| 1 212,12 АКШ доллары * 83,00 сом = 100 605,96 сом | |
| 1-учур. Транзакцияны иштеп чыгуу учуруна сомдун жана рублдин курсу жогору болгондо | 1-учур Транзакцияны иштеп чыгуу учуруна сомдун жана рублдин курсу төмөн болгондо |
| **1 АКШ доллары = коммерциялык банктын курсу боюнча 83,00 рубль** | **1 АКШ доллары = коммерциялык банктын курсу боюнча 82,00 рубль** |

| **1 АКШ доллары = коммерциялык банктын курсу боюнча 83,50 сом** | **1 АКШ доллары = коммерциялык банктын курсу боюнча 82,50 сом** |
|---|---|
| 100 000,00 рубль / 83,00 рубль = 1 204,81 АКШ доллары | 100 000,00 рубль / 82,00 рубль = 1 219,51 АКШ доллары |
| 1 204,81 АКШ доллары * 83,50 сом = 100 601,63 сом | 1 219,51 АКШ доллары * 82,50 сом = 100 609,57 сом |
| Жыйынтыгы: 100 605,96 сом -100 601,63 сом = 4,33 сом (плюстук курстук айырма) | Жыйынтыгы: 100 605,96 - 100 609,57 сом = 3,61 (минустук курстук айырма) |